УДК: 82.1(575.2)

*Кадырбек кызы Нуркыз, улук окутуучу,*
*Адиева Айжамал, изденүүчү*
*Ош мамлекеттик университети*

# .ЭРАЛИЕВДИН ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ КӨРКӨМ СӨЗ КАРАЖАТТАРЫНЫН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮ – АКЫНДЫК ЧЕБЕРЧИЛИКТИН КӨРСӨТКҮЧҮ

# НЕКОТОРЫЕ ВИДЫ ХУДОЖЕСТВЕННОЙ СЛОВЕСНОЙ РЕЧИ В ПОЭЗИИ С. ЭРАЛИЕВА КАК ПОКАЗАТЕЛЬ ИСКУССТВА ПОЭЗИИ

# SOME KINDS OF ARTISTIC WORD RESOURCES IN S. ERALIEVS POETRY AS AN INDEX OF POETIC MASTERPIECE

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз элине таанымал акын С.Эралиевдин поэзиясынын оригиналдуулугунун жана көркөм-эстетикалык кунарынын олуттуу көрсөткүчтөрү катары кызмат кылган көркөм сөз каражаттары, анын ичинде шарттуулук, поэтизация, метафоралар жана метафоралуулук кыскача талдоого алынган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *С.Эралиев, поэзия, чыгармачылык, форма, көркөм сөз каражаттары, шарттуулук, поэтизация, метафора, метафоралуулук.*

***Аннотация:*** *В статье кратко проанализированы поэтическое своеобразие, художественное и эстетическое совершенство лирики известного поэта Суйунбая Эралиева. Как важное свидетельства этого, показаны также средства художественной изобрательности, как поэтическая условность, поэтизация, метафори и метафоричность и ею лирике.*

***Ключевые слова:*** *Суйунбай Эралиев, поэзия, творчество, форма, художественные средства, условность, поэтизация, метафора.*

***Abstract:*** *This article briefly analyzes poetic originality and artistic with aesthetic perfection, and how serious indicators served as artistic means, including conventional ones, poetization, and metaphors for the lyrics of the famous poet Suyunbai Eraliev.*

***Key words:*** *Suyunbai Eraliev, position, creativity, form, artistic means, conventionality, poetization, metaphor.*

Залкар акындардын бири С. Эралиев кыргыз поэзиясына согуш мезгилинде келип, бирок алгачкы эки жыйнагы менен тек гана такшалуу этабын өткөргөн акындык жолун дээрлик бардык сынчылар (К.Укаев, А.Садыков, С.Жигитов, К.Артыкбаев) белгилеп өтүшкөн. Ал түгүл, анын чыгармачылык өзүнө гана тиешелүү жүзү, стили «Ак Мөөр» поэмасынан кийин гана ачылгандыгын да окшош белгилешет. Албетте, биз муну талашып, кайра талдоодон алыспыз. Болгону биз билип, тамшанып, акындыктын пайгамбарына айланган ири талант, дээринен кылдат сүрөткер, сезимтал акын экенин эч ким тана албаса керек демекчибиз.

Дегеним,
Түбү келип, жер менен тил табыштан,
Бир ошонун эркиндесиң түгөл сен.
Мен да сендей корком өлүп калыштан,

Макул элем *сөзгө айланып түгөнсөм* – деп, пенделик кылып жашоого кумарланууга ар кимдин акысы бар, бирок ошондо да өзүнүн өмүрүн улаган, биз баалап окуган ырлары болушун самаган С.Эралиевдин табияты өзү сөз күтүп, сөз багып, сөз кадырлаган адам экенин тастыктап олтурат. Болбосо, ар бир «акылдуу» эле өлүмдөн коркпойм, өлсөм да эл үчүн кызмат кылсам, менин бактым ошол» деп кооз сүйлөгөн менен, чын ажал мындай турсун катуураак ооруп калса, муун-жүүн бошотуп, «там салсам болот эле», «мен деле бардар болчу дараметим бар эле го» деп, ою мансап менен жеке кызыкчылыктарга жетеленет. Ал эми «акыры өлүм ак, ошондо менин өмүрүм, эстелигим, байлыгым да «сөз» болот» деп айтуу - чыныгы лириктин гана иши.

С.Эралиевдин Алыкул сыяктуу («мага берсең, эки сабак ыр бергин») өмүрүн сөзгө багыштап, ырга айланган инсан экенин аздыр-көптүр белгилеп туруп, анын поэтикасында эч кимге окшобогон жана жакын арада эч ким кайталай койбоочу баалуулуктарынын экинчи тарабына токтололу. Алар чыгармаларынын формалык жагы менен байланыштуу.

Жалпы эле көркөм адабиятка, анын ичинде поэзияга өзүнчө бир эстетикалык ыраң-түс тартуулап, аны мазмун-маанилик жактан тереңдетип, ал эми формалык жактан коздоп турган көркөм сөз каражаттарынын жана ыкмаларынын алкагы бир топ кеңири экени белгилүү. Троптор, стилистикалык ыкмалар жана фигуралар, лексикалык ыкмалар максатка ылайык, орундуу колдонулса, жогоруда айтылган "көркөм синтез" ишке ашат. Аны ишке ашырууда бир кыйла активдүү жана арбын колдонулуп жүргөн каражаттардын катарында шарттуулук, троптун арбын тараган түрү болгон метафора, ошондой эле поэтизация ыкмасы жана башкалар турат. Кезинде таланттуу лирик Ж. Мамытов акын С. Эралиевдин анын турмушуна «Ак Мөөр» поэмасы аркылуу кирип, киргенде көркөм сөз каражаттары аркылуу катуу таасир эткени тууралуу төмөнкүчө көрсөткөн экен: «Кыргыз поэзиясында болгон көркөм каражат, уйкаштыктар, деги баары бул чыгармага жумшалып кетиптир, башкалар эми көп нерседен кемчил болуп калышпагай эле». Кийинчерээк бул жоромол балалык ойлоо экенин белгилеп: «Көрсө, тиричилик токтолбогон сыяктуу эле көркөм каражат да чети оюлбаган кези тура»,- деп ынанат. Эң кызыгы ошол «чети оюлбаган кен болчу көркөм каражатты» С. Эралиевдин кийинки поэзиясынан да арбын табат. Ошентип, Ж.Мамытов акындан алган албан таасирлерин бириктирип бүтүм чыгарат: «Поэзия – бул элдин эргүүдөн алган тарыхы, анын келечек тууралуу үмүттөнүүсүнүн таш күзгүсү болгондуктан, өз боюна эбегейсиз татаалдык, назик сергектик менен мейкиндикти сиңирген» [1]. Бул ойлор, балким, акын С. Эралиевдин:

Учуудан анча-мынча талса канат,
Бук болуп боздоп турган жүрөк ыйын.
Муунтуп, ичте тыйып таштай алат,
Ар качан акын жолу татаал кыйын,- деген саптарын окуп, акынды акындарча түшүнүп, баалуулуктардын сырын иликтеген илим – поэзиянын табияты тууралуу ой калчоосу болгондур. Бекеринен бул жогорку эки цитата тең ырды, ыр дыйканы акынды талдоодо «татаал» деген сөздөр менен коштолбогон чыгар. Эч качан ой болбогон, биз элестеткенден эки эсе оор болсо жеңил деп эсептелген турмушту – акын С. Эралиевдин эң негизги темасы болгон турмушту көп тараптуу кабыл алуу дайыма автордук-индивидуалдуу ойлоо манерасы, сөз каражаттары менен ишке ашат.

Акындын ой-максаты – элдин, ири алдыда адамзаттын акыны, турмушунун ырдоочусу болуу; адам турмушунун жана сезимдеринин көркөм галереясын түзүү. Белгилүү болгондой, акын сырткы дүйнөнү сүрөттөп, баяндап жатып, ага өзүнүн ошол мейкиндиктеги ички туйгусун кошуп чагылдырат. Поэзиянын негизги спецификасы да ушул эмеспи.

С.Эралиев чыгармаларында окурман жан дүйнөсүнө шам жагар, өргө жетелер саптарды баладай таза дил менен гана айтуу жоопкерчилигин сезет да табийгаттан:

Чайка мени тунук, таза агымга
Чайкагандай анда бала чагымда
Ойнот мени, оонат мени кулундай
Куюн жорткон адырыңда агымга ,- деп суранат.

Тазалыкты «балалык суусуна» символдоштуруп, чечкиндүү бийиктикти «кулунга» салыштырып, ыр түрмөгүн жараткан акындын лирикасындагы эң негизги штрих болуп адам акылына сыйбай буркан-шаркан түшүп агып турган керемет көркөм сөз каражаттары жана окурман жүрөгүнө тоо суусундай агып кирип ээлеп алчу ойлору болуп саналат. Мындай «көркөм синтез» чыныгы адабияттын негизги мүнөздөмөсү, ийгиликтердин башаты экендигин көптөгөн адабиятчылар белгилеп жүрүшкөнү маалым.

С.Эралиевдин стилине мүнөздүү бир өзгөчөлүк - анын лирикасында күчөтүп сүрөттөө (поэтизация) көп колдонулат. Ошондой эле акындын сүйгөн ыкмаларынын дагы бири - көркөм шарттуулук. Анын жардамы менен ал өз оюн таасын жана таасирдүү жеткире билет.

Шарттуулукту С.Эралиев пейзаждык сүрөттөөлөрдө арбынураак колдонот. Мисалы:

Августтун кечи эрке кеч,
Асылып ойноп мойнуңа.
Кой-айыңа көнбөй эч,
Кирип уктайт койнуңа. [2].

Август айынын жагымдуулугу - анын бышыкчылыгы, берекеси. Акын да ошол эң сонун, өтө мээрман айдын эрке желин айтып, ага суктанып жатат. Биз мурда талдап өткөн акындын пейзаждык лирикасынын биринде «жаздын мойнуна асылып, ойноп жүргөн балдар» тууралуу айтылганын эстейличи. Акын жылдын бардык эле мезгилин жакшы көрөт. Ошолордун ичинде анын өзгөчө сүйгөнү - жайлоо түнү, жаздын үлбүрөп жаңы келген учуру, мандалактар жайнап чыга баштаган мезгил: Ашкан сулуу кыздардан,
Артыгыраак кызганам.
Жаздын жели аймалап,
Кучагына кыскандан.
Калсам өтө сагынып,
Шүүдүрүмдөй агылып,
Оюм кулайт, а гүлдөр
Алат аны тагынып. [3].

«Гүлдөр жазды тагынып алат» деген шарттуулук жазда гүлдөр көп болорун туюндурат. Ал эми биринчи строфада жаз желинин жагымдуулугу менен сүйкүмдүү кызды катар коюп отурат.

С.Эралиевде түскө байланышкан шарттуулук да кездешет. Алсак, «кайдасыңар, бирге окуган курбулар // ал кездеги жашыл жылдар, ак айлар» (1-том, 67-бет) деген сүрөттөөлөрдөгү түскө байланыштуу метафоралар ошол мезгилдин жагымдуулугун туюндурат. Айрыкча, акын «ак» түскө көп көңүл бурат. Бир жыйнагынын атын «Ак жыттар» деп атаса, дагы бирин «Ак таңдар» деп койгон. Жытты, мисалы, «ак» деп айтпайт. Аны ал шарттуу колдонуп жатат. Негизинде, «акты» илгертеден ыйык катары баалап келгендиги белгилүү. Ак кийизге көтөрүп хан шайлоо, келин келгенде ак чачуу сыяктуу салттуу көрүнүштөр, же ак материалдан кийим кийүү - мунун баары ошол түскө карата болгон өзгөчө урмат, сый.

Ал эми метафора троптун башка түрлөрүнөн сүрөттөөгө алынган же баяндалуучу нерсенин бардык спецификасын комплекстүү ачып көрсөтүү мүмкүнчүлүгү менен айырмаланат. Демек, обьектинин же субьектинин кебете- кешпирин, ой-сезимин, кыймыл-аракетин образдуу чагылдырууга көмөкчү болот.

Жер кадырын билбейт бардык нан жеген,
Же болбосо жер үстүндө көп жүргөн.
Билет аны жер жөнүндө кам жеген,
Тер агызып, эгин айдап өстүргөн

Бул түрмөктө С.Эралиев баарыбызды көтөрүп турган касиетүү Жер-Эненин образына таазим этип, анын ар бирибиздин жашап турушубузду шарттаган күчтүү фактор экендигин философиялуу туюндурууну максат кылса, аны окурман сезимине от жагар күч менен ишке ашышы ушул ырдагы көркөм метафоризацияга байланыштуу болду.

Мында жерди, ал аркылуу табият менен турмушту терең баалоого адамзатты чакырат. Ошол "адам" түшүнүгү "нан жеген","көп жүргөн", "кам жеген", "эгин айдап өстүргөн" деген метафоралары элестүү берилип жатат. Демек, метафора түшүнүктү же сөздү башка аталыш аркылуу аң-сезимге чагылдырат. А чынында, "эгин айдап өстүргөн" айкашынын ордуна дыйкан деген сөздү колдонсо деле болмок, бирок анда ырдын көркөмдүк деңгээли бөксөрүп, биз окуп жаткан бийиктигинен ылдыйламак. Мындай ыктуу метафораны табуу – өзүнчө бир татаал маселе, ал эми аны керектүү учурда колдонуп жана да окурманды ынандыра алар поэтикалык композиция жаратуу – андан да оор жана жоопкерчиликтүү маселе. Ыр төмөндөгүчө жыйынтыкталат:

Жер кадырын билет аяп урунган,
Же май өңдүү топурагын ийлеген.
Жер кадырын кайдан билсин ант урган,
Жерде жашап жерге кылча күйбөгөн.

Акындын адам үчүн аздектеген, табият менен турмушту сүйүү ал аркылуу адамды аяй билүү тууралуу асыл ойлорун берүүдө адамзаттын көз кайкыган жан дүйнө ааламынын аурасына жана адамдык ариет-насилине карап эки түргө (1 - "жерди аяп урунган", 2 - "ант урган") бөлүп, күчтүү антитезистик метафора менен туюндурган. Элибизде "Суу ичкен кудугуңа түкүрбө" деген макалдын философиясы айтып тургандай, адам ар бир жакшы

нерсени баалап, кадырына жетип, жаманды аттап өтүп, кечирип же оңдоп, бирин-бири жакшыга жетелөөсү абзел деген таризде жазган акындын баалуулугу бүгүнкү коомдо жетишпеген баалоо жана аео сезимдерин көркөм ыргакка сиңиргендиги. Анткени поэзия жөн эле жан дүйнө ыры же сыры эмес, адам аң-сезиминин, жан дүйнөсүнүн дарыгери болуш керек го.

Ал эми Жер, табият, бизди курчап турган 5 катмардын баарысы биздин бар экендигибизди шарттаса, ага кыянатчылык же көңүл коштук жасоого моралдык акыбыз барбы деген суроону ушул кичинекей ырда логикалуу кое алгандыгы акындын өзгөчөлүгү болуп саналат. Анткени азыркы учур поэзиясында тээ бийикке чыгып ылдыйды карап каадалуу акыл үйрөткөн тенденция күч алып турганда, жөнөкөйдөн татаалды тапкан мындай чыгармалар акындарга ыр жаратуунун мастер классы болсо, окурманга жеңил сиңимдүү кыжыр келтирбеген идеология болчу дарамети бардай.

Өзү С.Эралиев улуттук поэзиянын алп адиси экендигин билсек да, ушундай поэтикалык туундулардан улам буга андан бетер ынанууга болот. Мындан сырткары, акын элестүү сөз каржаттарын өздөштүрүү гана эмес, жаратуу боюнча алдына тулпар салбаган акын деп айтууга негиз бар.

Уч-кыйырсыз мейкиндиктен дүйнөлүк,
Мен мезгилдин өңүн көрүп турамын.
Анын улуу жосун-салтын үйрөнүп,
Келет аны ар тараптан туурагым./
Кербендердей доорлордун тизмеги,
Мунун баары – мезгилдеги белгилер.
Кала берип ойдун колдун издери,
Барган сайын көркүн ачып келди жер («Мезгил өңү»).

С.Эралиевдин поэзиясы адабият теориясында поэзиядагы жекелик, өзгөчөлүк, жалпылык, түшүнүктөрүн чечмелеп, ажырымдоодогу түгөнгүс кенч катары кызмат кыла алат. Ушул жерден акын жөнүндө А.Медетбековдун оюн айтпай кетүүгө болбос: «… ал, баарыдан мурда, «мени», өз жүзү бар акын, анын эч ким колдонбогон бай поэтикалык кеби бар. Бул – жекелик. Экинчиден, фольклордон профессионализмге чейинки абдан арыштуу чыгармачылыктын, эбегейсиз зор көркөм сөз каржаттарынын жаратманы, бул – өзгөчөлүк! Ал, ошентип, улуттук поэзиябыздын жүзү боло алар автор, бул – жалпылык!»

«Акын – адабий сын-макаладан көрө, чыгармаларын окуп, чыныгы сулуулукту өз көзү менен көрүүнү окурмандан катуу талап кылган акын!» [4].

С.Эралиев «Токой вальсы» аттуу ырында жайкы жаратылыштын көркүн сүрөттөйт. Анда жай мезгилиндеги токой сулуулугу метафоралардын жардамы менен туюндурулган:

Келатсам алдымда,
Табият концерти:
Көл бийлеп жатыры…
Куштардын үндөрү,
Оркестр барбы анда?...
Бардык күү куюлуп
Бир вальска барганда…
Тыпылдап бий тамат,
Тыйылбайт ал бирак,
Дарактар бир азга
Турат да жалдырап,
Шатырап кол чабат
Алакан-жалбырак [6].

Ырдагы акындын жетишкен ийгилигин, анын ушул темадагы башка ырлардан өзгөчөлүгүн адабиятчылар К.Артыкбаев, С.Жумадыловдор ишенимдүү далилдер менен көрсөтүшкөн. Аны кайталап отуруунун кажети жок. Бирок сынчы-адабиятчы Б.Маленов «Токой вальсын» сындап, кемчиликтерин көрсөтүп, андагы көркөм сөз каражаттарынын,

анын ичинде метафоралардын колдонулушун кабыл албагандыгы тууралуу адабиятчы К.Оморкуловдун белгиленгени бар. Ал ырдын «бий агат», «бий тамат», «бардык күү куюлуп» деген сөз тизмектерин мисалга алып, «кыргыз элинин түшүнүгү менен эч карым-катнашы жок. Анткени күү, бий – ал суу эмес, акын айткандай, алар куюлбайт да, акпайт да, тамбайт да» дейт. Биз чыгармаларды талдаганда поэзиядагы шарттуулук, жандандыруу сыяктуу көркөм ыкмаларды эске алганыбыз жөндүү. Бул тууралуу Т.Аскаров өзүнүн ишенимдүү ойлорун айткан. Ал эми А.Атабаевдин «Тоолор» аттуу ыры ырдалганда, андагы «Ырлар акты, күүлөр акты» деген саптар керметтей эле угулуп, колдор чабылып жатпайбы! Эгерде «эл минтип сүйлөбөйт» деп, поэзияга демейдеги сүйлөшүү нормасын таңууласак, анда образдуулукту жок кылып алабыз го» деп, бир топ талкуу жараткан С.Эралиевдин жаңычылдыгы бүгүн жаш акындар арасында кеңири таралып жана жакшы жыйынтыктарын берип жаткан кадыресе адабий ыкмага айланган. Мисалы, акын Б.Чотуровадан:

«Сен менин өмүрүмө жаз алып келдин» деген саптарды, же:

Жапжашыл жазым келсе сүйүү жетелеп
Бактылуу сезим бүт өмүрдү эселеп.
Жамгыр менен өбүшкөнү жарашмак.
Кош жүрөктүн бирин-бири бөпөлөп, - деген сыяктуу саптарды кеңири кездештирүүгө болот. Мындай саптарды нормага ылайык эмес деп сындоого болобу?

Же болбосо, С. Эралиевдин «Жол» поэмасында «Төрөп түшүп турган кези – күз маалы» деген сап бар. Төрөп түшүү түшүнүгү өз маанисинде аял-затына тиешелүү айтылары белгилүү. Ал эми акын бул түшүнүктү күздү туюнтуу үчүн колдонгон. Изилдөөчү К.Оморкулов белгилегендей, күздү туюндуруу үчүн колдонулган жаңы сөз каражаты максатына жетип олтурат [7].

Биздин пикирибизде, кыргыз адабиятында Алыкул 30 жашты «боз атчан» катары келтирип, азыр ар бир кыргыз окурманы аны мыйзамдуу эле кабыл алып калган деңгээлге жетип калган сыяктуу, мындай метафоралык «туюнтма» бүтүндөй «кышты тойгузган» берекелүү күздүн бышыкчылыгы келечекте биринен сала бирин төрөп, кубаныч, көбөйүү тартуулаган эненин символунда ар бир кыргызга кабыл алынарына шек жок.

Акындын метафоралык ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү орустун А.Пушкини же казактын Абайы сымал улуттук менталитет жана психологиянын горизонту менен профессионализмдин вертикалынын чыныгы кесилиши аркылуу ишке ашкан:

Өтүнөм бизди берген улуу күчтөн
Кайрыл деп кан Бакайдын кубатынан
Үйүмө эшик какпай келип түшкөн
Карылыкты кайтып артка кууй турган.
Бергин дейм менменсинген жаштык күчүн
Күндөрдө улам чууруп өтө турган
Төрөлчү ал кубаттуу ырлар үчүн
Мезгилдин жүгүн жонго көтөрө алган.

Адеп окуганда орчундуу жаңы ой жоктой эле сезим калтырат. Андан калса, ыргак менен уйкаштык деле аябай укмуш эместей сезилет. Анткени ар бир адамдын улгайганда кайрат-күчкө муктаж болуп, жаштыгын самай турганы – мыйзамдуу көрүнүш. Анан адам турмушу тууралуу кайдагы метафоралык ой жүгүртүү деген ой туулбай койбойт. Бул жерде метафоралуулук акындын позициясында, мотивинде, акын ошол жаштык энергия менен кайратты эмне үчүн сурап жаткандыгында. Сүйүнбай Эралиев аны «адамдын жүгүн көтөрүп», өзүнүн поэзиядагы функциясын аткарып, татыктуу лирика жарата алар ыр жазуу үчүн сурайт, баарына кайыл болуп, акындык тагдыр үчүн сурайт. Муну Сократтын «жеш үчүн жашап эмес, жашаш үчүн жейм» деген философиясынын кыргыз акынынын дилиндеги проекциясы катары кароого болчудай. Анан да акындын ошол абал менен сезим-туйгусун кандай ык, кандай форма менен бергени кызык. Карылык акын үчүн «эшик какпай кирип келген тайбас жолоочу», демек, ал – ыр жаратууга жолтоо болчу фактор. Мындай ой менен пафостуу салыштырууну кез-кез угуп, окуп жүрсөк деле бул ырдагы поэтикалык образ

окурман жүрөгүнө жылуулук берип, урмат жаратат. С.Эралиев «Менсинген жаштыктын күчүн» адамзаттын акыл-парасатын байытууга сурайт. Адамзат цивилизациясынын үчүнчү миң жылдыгында айрыкча таңсыктыгы көп сезилген убакыт аттуу баалуулуктун жетишсиздигин талашпай талкуулоого алуу мүмкүн эмес болсо да, бул ырда бүтүн пенденин көйгөйүн көрсөтүп, бирок өзүнө гана тиешелүү бүтүм чыгарат. Айталык, ушул ырдын 7-сабында ырлар да эне 9 ай жүрөк астында көтөрүп, укмуштуудай толгоо тартып тапкан продукция экендигин жана поэзия каканак жарылып көз жарган бала сыяктуу оор жана баалуу экендигин метафоралык түрдө туюндурат. Анан акын кадимки эне сымал ошол ырлардын жөн эле перзенттей эмес, «мезгил жүгүн көтөргөн» ыр болушун жараткандан кошо тилейт. Бул ык, бул форма жөн гана метафора эмес, метонимия да эмес, терең сүңгүп кирген симфора боло алат.

Жогорудагы ырдын жыйынтыктоочу бөлүгүндө ошол олуттуу акындык миссия үчүн «ташка тамга баскандай Женижоктун тилин» анан «тууган жердин канын денесинде жүгүртүүнү» сурайт да, башка эч нерсе сурабастыгын айтат. С. Эралиевдин ырларында анын ыр деп тагдыр күткөн чынчыл акындыгы менен катар сөздү шурудай тизип поэзиянын «Тадж-Махалын» курган ажаты айкын ачылат. Ал ырларында оргуштаган сөз керемети окурмандын чагылгандай тез оюн курч берчү табияты менен сүңгүтүп, дүрбөлөңгө салат. А акындын максаты ошол эмеспи? Көрсө, акын болуп ыр жаратуу үчүн тунук акыл, табийгат берген талант, көркөм тил толук байлык боло албайт экен. Ушунун баарын өз жеринин, Мекенинин, улутунун үнүн угузууга өз тилинде терең ойлонгон таза жүрөк менен дил гана акыл, талантты таптап, сактап, өрчүтүп турат экен. Ушуну сезген акын гана, убакыт, кайрат менен катар унутпай, «өз элинин канынын жүрөгүндө ойноп турушун» сурап турат.

Арийне, С.Эралиевдин көркөм сөз каражаттары менен ыкмаларын пайдалануусу – өзүнчө атайын изилдөөнү талап эткен проблема. Бир чакан макала менен бул маселеге байланыштуу бардык маселелерди ачып берүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан бул багытта бизди келечектүү изилдөөлөр күтөт деген ишенимдебиз.

**Адабияттар:**


1. Мамытов Ж. (2002). «Мендердин» дүйнөсү. Китепте: Акын Сүйүнбай Эралиевдин дүйнөсү. Кыскача ойлор жана макалалар. -Б.: Бийиктик.
2. Эралиев С. (1991). Тандалмалар: Ырлар жана поэмалардын 2 томдугу. – Ф.: Адабият,
3. Акын Сүйүнбай (2002).Эралиевдин дүйнөсү. Кыскача ойлор жана макалалар. Түзгөн: Өмүрканов А. -Б.: Бийиктик.
4. Артыкбаев К. (1970). Акын С.Эралиевдин изденүүлөрү. Китепте: Артыкбаев К. Сын сапары. -Фрунзе: кыргызстан.
5. Аскаров Т. (1967). Көркөм образдар дүйнөсүндө. – Фрунзе: Кыргызстан.
6. Медетбеков К. (2002). Поэзия ааламывндагы эки жылдыз. Китепте: Акын Сүйүнбай Жигитов С. (2002). Нукура талант. Китепте: Акын Сүйүнбай Эралиевдин дүйнөсү. Кыскача ойлор жана макалалар. -Б.: Бийиктик.
7. Оморкулов К. (2005). Адабият таануугa киришүү. – Ош.